**Академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Гуманитардык-технологиялык колледждин Автоунаа кафедрасынын**

**ОПУТ, ТОиРАТ, ЭТЭиА адистиктеринде окуган студенттери жана ата-энелери менен өткөрүлгөн жыйынын протоколу**

Ош шаары 14.12.2022-ж.

**Катышкандар:** 71 ата-эне, 56 студент
ГТК директору Саадалов Т.Ы.
ГТКнын директорунун тарбия иштери боюнча орун басары Жакиев А.А.
Кафедра башчысы Абдиматов У,И.
Ага окутуучулар: Сабиров И.О., Кочкоров А.Э.
Окутуучулар: Кайназарова Г.М., Капаров С.А., Маматкадырова Б.М., Бурканов Т.М., Эрмекбай уулу А.

**Күн тартибинде:**

1. Ата-энелерге студенттердин сабакка катышуусу жана жетишүүсү боюнча маалымат берүү
2. Ата-энелерге адистиктердин материалдык-техникалык базасы боюнча маалымат берүү.
3. Студенттердин жүрүм-турум, тазалык жана тартип маселелери боюнча
4. Ар түрдүү маселелер.

2022-жылдын 14-декабрь күнү ОшТУнун Мультимедиалык маалымат компьютердик борборунда ОПУТ, ТОиРАТ, ЭТЭиА адистиктеринин студенттеринин ата-энелери менен чогулуш болуп өттү.

Кафедра башчысы У.И.Абдиматов жыйынды ачык деп жарыялап, ата-энелерге кафедранын толук жамааты, ГТКнын директору жана директордун тарбия иштери боюнча орун басары менен тааныштырып, сөз кезегин директорго берди.

Саадалов Т.Ы.: - Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер, студенттер. Бүгүн автоунаа кафедрасы пландалган ата-энелер чогулушун өткөрүп жатышат. Алгач сиздерден кечирим сурагым келип турат, анткени актовый залда университеттин маданий-иш чарасы болуп калгандыгына байланыштуу

бул жакка жылдырылды. Сиздерди чакырганынбыздын негизги максаты, азыркы замандын талабына байланыштуу билим алууда ата-энелерди да тартып иштешүү болуп эсептелет. Гуманитардык-технологиялык колледж жөнүндө жалпы маалымат берип өттү. Бала тарбиялоодо, билим алууга умтулуусуна, сабакка катышуусуна жана жетишүүсүнө окутуучулардан сырткары ата-энелердин ролу чоң экенин баса белгилеп өттү.

Абдиматов У.И.: - Урматтуу ата-энелер күн тартибиндеги 1-маселеге токтолуп өтсөм. Азыркы убакта ОПУТ, ТОиРАТ, ЭТЭиА адистиктеринин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүн кошкондо жалпы 468 студент билим алууда. Студенттердин сабакка катышуусу боюнча күн сайын кураторлор тарабынан канча студент келип, сабакка катышып жатат, канча студент ооруп жатат ушул сыяктуу маалыматтар алынып турат. Жалпы жыйынтык боюнча катышуу 57% түзүүдө. Бул көрсөткүч азыркы учурда аз болууда. Катышуунун көрсөткүчүн көтөрүү үчүн ата-энелердин көмөгү керектигин баса белгилеп өттү. Ал эми сабакка жетишүү боюнча 9 база I курсттарга 2-рейтинг болуп жаткандыктан 2-3-курстардын студенттеринин жетишүүсү 54% түзүүдө. Бул көрсөткүчтү көтөрүү үчүн студенттердин катышуусун жогорулатышыбыз керек. Биринчи ата-энелер андан соң кураторлор тарабынан көзөмөлдү күчөтсөк мындан да жакшы ийгиликтерге жетишебиз.

1-маселеден соң директор окууда мыкты ийгиликтерге жетишип, коомдук иштерге активдүү катышуусу менен өзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп келүүдө. Андыктан, жашоого кайдыгер карабаган аракетчил, таланттуу уул-кызды тарбиялап өстүргөнүңүздөр үчүн сиздерге окуу жайдын жалпы жамааты ыраазычылыгын билдирет. Мындан ары дагы эл керегине жараган, Ата-журттун келечеги үчүн күйгөн уул-кыздарды тарбиялай беришиңиздерге тилектешпиз деген аталыштагы ыраазычылык каттар менен студенттердин ата-энелерин сыйлады.

Күн тартибинин 2-маселеси боюнча кафедра башчысы өз сөзүндө,- “Кафедрабыздын студенттери келечекте күчтүү адистерден болуш үчүн,биз болгон күчүбүздү жумшап келүүдөбүз. Алар үчүн керектүү баардык шарттарды түзүүгө болгон аракетимди жасап жатам. Мисалга алсак азыркы заманбап аккумулятордук батарейканы ток менен заряддоочу приборлорду, автоунаанын тетиктерин оңдоого керектелүүчү шаймандар (колдонмо ачкычтардын жыйындысы, дөңгөлөктүн болтторун бошотуучу шаймандар, штангенциркульдер, кычкачтар жана бурагычтар ж.б.) кафедранын окутуучуларынын эсебинен алынганын жана ВАЗ-2106 үлгүсүндөгү автоунааны макет катары пайдаланууга Мурзакаримов Тимурлан деген

студент алып келип бергенин, университет тарабынан кымбат баалуу компьютердик диагностикалык сканер алынып берилгенин, мындан кийин дагы башка керектүү приборлор менен камсыздоого аракет кыларына сөз берди.

Кафедранын окутуучусу Кайназарова Г.М. университеттин порталы жөнүндө экрандан көрсөтүп берди. Анда студенттер өздөрүнүн логин паролу менен компьютер эле эмес кол телефондун жардамы менен эле сайтка кирип, андан логин паролун терип өздүк кабинетине кире алышарын көрсөттү. Өздүк кабинеттен окуу жадыбалын, окутуучулардын жумушчу программаларын, лекциялык, практикалык жана лабораториялык иштердин электрондук вариантарын, окуу семестрин ж.б. таап көрө алат, андан сырткары студенттин окуу карточкасынан өзү жөнүндө маалыматтарды, окуу семестрин, окуган сабактарынын бааларын жана рейтинг баллдарын жана окуу окуу төлөмдөрүн төлөш үчүн төлөм коддорун ж.б. көрө алышарын айтып, бир эле студент эмес ата-энелери да балдарынын окууларын порталдан көзөмөлдөөгө болоорун баса белгилеп өттү. ОшТУнун порталынан балдарын көзөмөлдөө бул да болсо ыңгайлуулукту жаратарына ата-энелер да ынанышып, телефондору менен видеого тартып олтурушту.

Ата-энелер тараптан кафедра башчысына суроолор жана сунуштар берилди. Алсак ТОиРАТ-1-22(11) тайпасынын студенти Манасов Уларбектин атасы Исмаилов Манас кафедра башчысына суроо узатты,- “Заман өнүккөн сайын автоунаалар дагы жаңыланып баратат. Окуу программасында заманбап технологиядан калбай, адистик сабактардан көбүрөөк кошуп окуу планын түзүп берсениздер, анткени мектептеги эле сабактар окулууда. Ушуга сиздин көз карашыңыз кандай?

Жооп:

Абдиматов У.И.: - Абдан туура суроо бердиниз, рахмат. Бизде билим берүү министрлиги бар да. Ошол жактан адистиктердин стандартарынын болжолдуу варианттары келет. Ал жерде кайсы сабак канча саат окутулушу, канча кредит бөлүнүш керектиги таамай жазылат, андыктан биз ал стандарттан чыга албайбыз. Эмки жылга жаңы окуу планын түзүү боюнча аракеттер жүрүп жатат. Биз көбүнчө адистик сабактарды кошконго аракет жасап жатабыз. Жогоруда маалымат бергенимдей, кафедарынын жамаатынын демилгеси менен жаңы, заманбап, азыркы талаптарга жооп бере турган жабдууларды сатып алуудабыз. Мен ойлойм студенттердин мындан ары да билим алуусу үчүн дагы да болсо колдон келген аракеттерди жасай беребиз деп.

ОПУТ-1-21(9) тайпасынын студентти Асанов Самагандын апасы А.Касымова сөз сүйлөдү. А.Касымова өз сөзүндө студенттин ата-энеси эле эмес  Ош шаарындагы жашы жетелектер менен иштешүүчү милиция кызматкери да болгондуктан көйгөйлүү маселелердин бири бул эркек балдардын ортосундагы талап-тоноо, жүрүм–турум, адеп-ахлак, тазалык маселелерине токтолуп өттү. Ата-энелер, кураторлор, окутуучулар баары биргеликте балдарга тыгыз көзөмөл жүргүзүп, окууга катышуусун жана кызыгуусун күчөтүү керектигин баса белгилеп кетти. Ошондой эле ата-энелер чогулушун тез-тез уюштуруп туруусун дагы суранып өттү.

Суроо:

Каратаев У.Б.: - Саламатсыздарбы бүгүнкү чогулушка келген ата-энелер, мугалимдер жамааты, мен оропрпрпр тайпасынын студенти паланчаевдин атасы болом. Ушул чогулушту уюштурган, бизге керектүү маалыматтарды берген сизгерге рахмат. Ишиниздерге ийгилик. Эми суроого өтсөм, көбүн эсе коллледждин студенттери 2-сменада тактап айтсам түштөн кийин окушат экен. Мүмкүнчүлүк болсо 1-сменада окушса жакшы болот эле, анткени эрте менен баланын кабыл алуусу жакшы болот дешет го, ошого 1-сменага которсо болотпу?

Жооп:

Абдиматов У.И.: - биздин колледж университеттин материалдык-техникалык базасын биргелешип колдонгондуктан, эрте менен 1-курстун студенттери жана бүтүрүүчү курс билим алышууда, эгерде өз алдынча окуу корпусубуз болгондо мындай көйгөйлөр жаралбаса керек эле. Бул боюнча сунуштарды берип жатабыз, ишке ашып калса студенттерибиздин баары 1-сменада билим алышат эле.

ЭТЭиА-1-22(9) тайпасынын студентти Асилбеков Даниэлдин апасы Жамиля Аманбаева сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө ата-энелер менен чогуу иш баруу бул балдардын билим алуусуна мыкты түрткү болорун жана көзөмөлдөө да жакшы жолго алынарын айтып өттү. Түйшүктүү кесип ээлери, мугалимдерге жакшы каалоо-тилектреди айтып, иштерине ийгиликтерди, өздөрүнө ден соолуктарды каалап, ыраазычылык айтып өттү.

Ата-энелер ар бир куратордун маалыматтары боюнча иш алып барууларына баа беришип, канааттандырарлык деп табышып, добушка коюшту

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:  “макул” – 71 ата-эне;

“каршы” – жок;
“калыс” – жок.

Автоунаа кафедрасынын ОПУТ, ТОиРАТ, ЭТЭиА адистиктеринде окуган студенттердин ата-энелери менен өткөрүлгөн жыйынында

ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:

1. Ата-энелердин сунушу менен кураторлордун иш алып барууларын канааттандыраарлык деп табылсын
2. Студенттердин сабакка катышуусун жана жетишүүсүн ар бир ата-эне өз жоопкерчилигине алсын.
3. Студенттердин жүрүм-турум, тазалык жана тартип маселелерин кураторлор көзөмөлгө алсын.

“АТ” кафедрасынын башчысы — Абдиматов У.И.

Катчы — Кайназарова Г.М.